УДК 408

Д. ИБРАЕВА
E.mail. ksucta@elcat.kg

# СҮЙЛӨМ ЖАНА ЭЛЛИПСИС КУБУЛУШУ

*Кемтик сүйлөм жана эллипсис кубулушунун кыргыз тил илиминде изилдениши баяндалат.*

*В статье рассматривается история исследования явления эллипсиса и неполных предложений.*

*The article is devoted to research problems of the ellipsis and unfinished sentences.*

Кыргыз тилинде 1924-26 – жылдары жарык көргөн гезиттик материалдарда колдонулган (кемтик) сүйлөмдөрдүн структурасы элдик оозеки чыгармаларда колдонулган кемтик сүйлөмдөрдөн анча айырмаланган эмес. Өзгөчө үчүнчү жактагы жактама ат атооч, же атооч сөздөрдөн жасалган сүйлөмдүн ээси биринчи сүйлөмдө айтылат, кийинкилеринде катышпайт жана ал сүйлөмдүн семантикасында, ага таандык болгон контексттен билинет, сүйлөмдүн структуралык курамындагы тилдик каражаттар ооз эки сүйлөө речинин үлгүсүндө гана болгон.

Алгачкы жылдардагы жарык көргөн чыгармаларда колдонулган диалог речтеги кемтик сүйлөмдөрдүн айрымдарынын структурасындагы дагы бир өзгөчөлүк – сүйлөп жаткан жак менен жооп берип жаткан жак атайын көрсөтүлөт да, андан кийин алардын суроо жооптору жана сөздү айтып жаткан жактын ким экендиги кайталанат. Ал суроо - жооп түрүндөгү сүйлөмдүн маанисин толуктоо, чечмелөө максатында автордук баяндоо бир же эки сүйлөм менен берилип отурат. Мисалы, Жаз!

Ал эми кийинки жылдардагы диалогдун речтеги кемтик сүйлөмдүн структурасы жогоруда белгиленген сүйлөмдөрдөн айырмаланат: жогоркулар сыяктуу сүйлөөчү, же сөздү баштоочу жак жана жооп берүүчү экинчи жак атайын айтылат. Анын семантика-структурасында эки тараптан тараган ой формаларын чагылдыруучу каражаттар түзүлүп, деп, деди, деп айтты, сыяктуу жардамчы этиштер көп колдонулбай калды.

Ошентип, илимдин өсүшү менен илимий чыгырмаларда жана оозеки сүйлөө речинде колдонулуп жаткан кемтик сүйлөмдөрдүн структурасында, синтаксистик семантикасында жана функциясында өзгөрүү болду.

Кыргыз тилиндеги кемтик сүйлөмдөр, бирин-экин адабияттарды эске албаганда, атайын изилдөөнүн объектиси боло элек. Жарык көргөн грамматика жана синтаксис маселелерине арналган айрым изилдөөлөрдө баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн бири, же бир нечеси кемип калган сүйлөм кемтик сүйлөм болот деп мүнөздөлөт жана кемтик сүйлөмдүн грамматикалык белгилеринен маалымат берилет.

Профессор А.Жапаров болсо, кемтик сүйлөмдү колдонулушуна, контекстке көз карандылыгына, б.а., семантикасына карата кошумча кемтик сүйлөм, диалогдук кемтик сүйлөм, өксүк кемтик сүйлөм жана мүчөлөнбөс кемтик сүйлөм деп төрткө бөлгөн.[2]
А.Иманов өксүк (эллипсис) кемтик сүйлөм деп да карайт жана ага төмөндөгүдөй аныктама берет. Кемтик сүйлөмдүн бул түрүнүн колдонулушу, структуралык табияты ар түрдүү, б.а., өксүк (эллипсис) кемтик сүйлөмдөр контекстке да, жагдайга, кырдаалга да байланыштуу, көз каранды болуп колдонулат. Ал диалог кебине да тиешелүү. Кыскасы, «өксүк (эллипсис) сүйлөмдүн колдонулуш сферасы универсалдуу» - деп жазат.[1]

А.Иманов эллипсис кубулушун кемтик сүйлөм менен бирдей карап, өксүк кемтик сүйлөм деп атаган. Эллипсис кубулушу кемтик сүйлөмгө кирбей турган өзүнчө жана өзгөчө кубулуш болуп эсептелет. Эллипсис кубулушу илептүү интонация менен, кээде жай интонация, суроо интонациясы менен айтыла берет. Мисалы: Аны элдин баары эле

билет эмеспи. Мына эми жазам деп жүрүп... (Ч.А). Жалгызым... кызым... сен кантесиң? Келчи мага! Окко учту.. Кайдасың? (К.Б). Калдаландап өөдө болду да, баланы бооруна кысып, тили күрмөлбөй күңгүрөндү: -Эмне, ыя? Эмне, ыя? Сен ... мен... эсинен ажырагансып, мындан башка сөз айта албады (Ч.А).

Эллипсис кубулушу жогорудагы көрсөтүлгөн шарттардан, себептерден башка да кепти ыкчамдап айтуу, тилдик каражаттарды үнөмдөө, сүйлөмгө эмоционалдык, экспрессивдик (көркөмдүк түс) боек берүү ж.б. максатында да колдонулат.

Кыргыз тилиндеги кемтик сүйлөмдөрдү атайы иликтеген Б.Тойчубекова аны структурасы боюнча да, семантикасы жана милдети боюнча да изилдөө жүргүзгөн.
Б. Тойчубекова кемтик сүйлөмдү төмөндөгүдөй бөлүштүрөт:

- Кемтик сүйлөмдүн синтаксистик планда мүнөздөлүшү;
- Кемтик сүйлөмдүн семантика-функциялык планда мүнөздөлүшү;
- Диалогдуу речтеги кемтик сүйлөм;
- (Монологдуу) речтик айтылышындагы контекстик кемтик сүйлөм;
- Эллипсистүү кемтик сүйлөм.[1]

Көпчүлүк учурда кемтик сүйлөмдүн маанисин тактоо, ачып берүү үчүн тилдик каражаттар менен бирге эле (контекст, речтик кырдаал) обьективдүү шарттар, адамдын мимикасы, жандоосу сыяктуу айрым бир тилге тиешесиз элементтер чоң роль ойнойт. Булар бирде контексттик, бирде речтик кырдаалга байланыштуу кемтик сүйлөмдөр менен бирдикте белгилүү бир түшүнүктү, ой-пикирдин маанисин толукташат.
Кыргыз тилинде, жалпы эле түркологияда да эллипсис кубулуш түшүнүгү так аныктоону талап кылат жана терминологиялык жактан да такталган эмес. Бул сүйлөмдөр ар кандай аталышта колдонулат: бузулган кемтик сүйлөмдөр (менин жашоом кылда турат), (сизге эмне болду): өз алдынча колдонулган, түшүрүлгөн баяндоочтуу кемтик сүйлөм (үйдө ызы-чуу); эллипсис кубулуш баяндооч контекстен эске алынган сүйлөм (ачуу уксус-өзүңдүн тамырыңа зыян) ; өз алдынча колдонулган баяндоочсуз кемтик сүйлөм.

Сүйлөмдүн курамы жана формасы жөнүндө заманбап окуу абстрактуу схемадан чыгышы мүмкүн эмес, чыныгы сүйлөө планына таяныш керек.

Кемтик сүйлөмдүн теориясындагы карама-каршы пикирлер заманбап синтаксистик түзүлүштү үйрөнгөн сайын өтө белгилүү болуп калды, айрыкча – турмуштук сүйлөшүү стилинде. Бирок көп сүйлөмдөр авторлордун өзүнүн шыгы боюнча кандайдыр бир мүчөнүн болгонунан жогору «калыбына келиши» мүмкүн эмес. Ошондуктан биз карап жаткан маселе сүйлөмдүн маанилик жана формалдык толуктугун гана көргөзбөстөн, анын өздүк грамматикалык формасын анализдеп, жөнөкөй сүйлөмдүн системасындагы ордун көргөзүү зарыл.

Баарынан мурда, грамматикалык кемтик сүйлөмдүн критерийин коюу, аныктоо керек. Сүйлөмдөгү тиешелүү форманын болушунун кандайдыр бир сөзгө түздөн-түз баш ийгени сүйлөмдүн мүчөсүнүн кыскартылып жиберилүүсүнүн өзгөрүлбөгөн көрсөткүчү кемтик сүйлөмдүн белгиси болуп эсептелбейт.

Кепти ишмердик текст аркылуу гана ишке ашарын изилдеген окумуштуу С.Мусаевдин эмгегинде айтым текстти уюштуруучу сүйлөм анын негизги бирдиги катары изилдөөгө алынат. Окумуштуунун пикири боюнча, кептик ишмердик бир эле сүйлөм же айтым аркылуу тескелбейт. Адресант өзүнүн айтайын, берейин деген ой-пикирин башкаларга жеткирүүдө бири-бири менен семантикалык жана грамматикалык жактан өз ара карым-катыштагы синтаксистик структуралардын тыгыз биримдиктеги байланышы аркылуу уюшулган айтымдык формаларды колдонот. Кеминде экиден аз эмес синтактика-грамматикалык структуранын өз ара байланыштагы тизмегинен тартып, бир нечелеген айтымдык структуралардын биримдиги коммуникативдик-функционалдык бирдик катары тексттин уюшулушун, жаралышын шарттайт деп каралат [3].

Изилдөөчү Г.К. Джумалиева эллипсис кубулушун салыштырма -типологиялык планда караган. Ал кыргыз, орус жана англис тилдериндеги факты-материалдарга таянып,

стилистикалык, контексттик жана коммуникативдик-семантикалык табиятына көңүл бөлгөн [5].

2004-жылы жарык көргөн Кыргыз тили (энциклопедиялык окуу куралы) аттуу коллективдүү эмгекте эллипсис кубулушуна мындайча аныктама берилет. Аныктама түшүнүктүү болуш үчүн эрежени толугу менен бергенди туура көрдүк: Эллипсис-түшүнүгүнүн так мааниси-түшүп калуу, калтырып кетүү, колдонбой калуу, б.а., белгилүү бир шартка, кептик кырдаалга, контекстке, стилдик өзгөчөлүккө, үнөмдөө кубулушуна байланыштуу бул, же тигил сүйлөм мүчөсүнүн түшүп калышы, колдонулбай калышы, бул же тигил сүйлөм мүчөсүн атайын калтырып кетүү дегенди билдирет. Ал эми сүйлөмдөрдө түшүрүлүп, кемитилип айтылган сүйлөм мүчөсү баяндооч гана болбостон, сүйлөмдүн калган баардык мүчөсү экендиги талашсыз. Ошондуктан, эллипсистин маанисин, табиятын, колдонулуш чөйрөсүн сүйлөмдүн этиштик же атоочтук баяндоочунун түшүп айтылышы, кемип калышы менен гана байланыштырып чектөөнүн кажети жок. Экинчиден, эллипсис деген түшүнүктүн так мааниси контекстке, кептик кырдаалга, белгилүү бир шартка, стилдик муктаждыкка, үнөмдөө кубулушуна байланыштуу түшүрүлүп айтылган сөз, бул же тигил сүйлөм мүчөлөрү дегенди билдирет да, “сүйлөм” деген түшүнүк менен түздөн-түз байланышы жок. Мисалы: Сен эртең келесиңби? Келем. Сен эртең келесиңби – толук сүйлөм. Келем – кемтик сүйлөм. Эллипсис деген түшүнүктүн Келем деген, кемтик сүйлөм менен эч байланышы жок.

Эллипсис кубулушу, биринчиден, кемтик сүйлөмдөрдүн пайда болушунда, уюштурулушунда, өсүп-өнүгүшүндө негизги шарттардын бири болсо, экинчиден, тилдик каражаттарды ырааттуу колдонуу, аларды үнөмдөө, ушунун негизинде ар кандай тилдик кайталоолордон, чиеленүүлөрдөн четтөө сыяктуу стилдик муктаждыктар менен байланыштуу болот да, пикир алышуу учурунда ой-пикир так, кыска, түшүнүктүү болуп, информациянын көркөмдүүлүгү артат, речь эвфониялуулукка жетишет [4].

Эллипсис кубулушун үйрөнүүдө үч негизги учуру бар. Окумуштуулардын бири бул сүйлөм кемтиктин ар түрдүүлүгү деп эсептешсе, башкалары, ушул түзүлүш толук жана кемтиктин ортосундагы аралык абалын ээлейт деп божомолдошот. Окумуштуулардын үчүнчүсү, эллипсис кубулуш өз алдынча жөнөкөй сүйлөм болуп эсептелерин белгилешет.

А.Назаров кемтик сүйлөмдүн туура багыт менен изилденишине көңүл бурган. Автор кемтик сүйлөмдөгү айтылбай калган мүчөнү аң-сезим менен болжолдоп табууну жана толук сүйлөм менен кемтик сүйлөмдүн салыштырылышын сынга алып, аларды кемтик сүйлөмдүн туура багыт менен изилденишиндеги тоскоолдук деп эсептейт.

Ал кемтик сүйлөмдүн өзгөчө структурасындагы сүйлөм экендигин далилдөө үчүн Павловдун сигналдуу системаларынан пайдаланган.

Т.Аширов «Баяндоочтук структуранын негизи кыймыл атоочтордон болгон эллипстүү сүйлөм публицистикалык жана көркөм чыгармада кеңири колдонулат». Мисалы: Тилегим быйыл окууга өттү. Жазма тилибиздин жаралышы менен эллипсис кубулуш адабий тилдин стилдерине өздөрүнүн аракеттенүү мейкиндигин кеңейте алган. Бул өзгөчөлүк – бир тутумдуу сүйлөмдөрдүн ар бир түрүнө мүнөздүү болгон көрүнүш.

Эллипсис кубулушунун пайда болушундагы түшүп калуучу структуралык бөлүктөр өзгөчө этиштик мүчөлөрдүн айрымдарынын жана атооч же тактооч+этиш+жардамчы каражаттар тибиндеги айкаштын жасалган баяндоочтун структурасынан түшөт. Сүйлөмдүн жалпы семантикадан түшүп калган мүчөнүн кемчилдиги жана керектиги билинип турат. Мисалы: 1. Деги кара күч эмгеги уктата турган дарыларга караганда мыкты курал (Л.Ж.).
2. Столго отурганда жарыктын сол жактан келиши дурус («Ден соолук»).
3. Ат табуу кыйыныраак.

Белгилейли, контексттик жагдайдын шартында сүйлөм минимум маанилик толуктуктун бүткөндүгүн билдирет, анда албетте башкалардан бөлөкчө акылга сыйбай

турган пикирге жол берилет, андагы сүйлөм көрсөтүлгөн шартта толук ойду билдирет. Мисалы:

Токтош күбүрөдү:

– Түшөбүзбү…

– Каякка? – деп, таң калычтуу сурады ал.

– Бул пристандан.

– Эмнеге?

Ал унчукпады. Ал кайрадан колунун арт жагын ысык бетине койду.

Жогоруда диалог катары берилген сүйлөмдөр кемтик болуп эсептелет, бирок ушул контексттин шартында алар чындыгын да салыштырмалуу бүткөрүлгөн (толук сүйлөмдөгүдөй) ойду билдирет.

Сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөсүнүн түшүп калышы, кемип айтылышы, алардын өзүнчө синтаксема аркылуу берилбеши ой - пикирдин, түшүнүктүн мазмуну толук болбой, информация толук жетпей калды деген сөз эмес. Түшпөй берилген сөз, сүйлөм мүчөлөрү, контекст, речтик кырдаал аркылуу сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгы, кандай түшүнүк, кандай информация берилгендиги айкындалат [3].

Маанилик кемтиктин критерийи өзүнчө бөлүнгөн сүйлөмдүн контекстинен жана жагдайынан алынган турмушту божомолдойт.

А.Мурадов түркмөн тилиндеги кемтик сүйлөмгө төмөнкүдөй мүнөздөмө берет: «Синтаксистик семантикасы боюнча бүткөн ойду билдирген кээ бир сүйлөмдөрдүн грамматикалык структурасы кемтик болот. «Кемтик» деген термин шарттуу түрдө алынган, анткени сүйлөм өзүнүн мазмуну боюнча логикалуу бүткөн ойду билдирет да, маанилүү сөздөрдөн жасалат, грамматикалык түзүлүшү гана кемчил келет».

Сөз тизмегинин, тобу анын негизинде (этиш жөнгө салынганда гана) эллипсис сүйлөм пайда болот:

1. этиш кыймылы менен сөз тизмеги;

2. сөз – ойлоо этиши менен сөз тизмеги;

3. физикалык аракеттерди (уруу, согуу ж.б.) белгилеген этиш менен сөз тизмеги;

4. «кармоо», «алуу» ж. б. мааниси болгон этиш менен сөз айкашы.

Ар бир топто эллипсис кубулушунун натыйжалуу үлгүсү туура келет.

1. «Которуу», «кыймыл» мааниси менен сүйлөм. Азыркы үлгү түздөн-түз тиешесиз мүчөгө катыштыкта базаланат, багыты, максаты, кыймылдын азыркы пункту белгилеген сөздөрү менен анын кыймыл аракети. Тиешесиз мүчөнүн функциясында жакты, же жаныбарды (балдар суугa; мышык керебеттин алдына), нерсенин аталышын, кыймылдаганга жөндөмдүүсүн, жылып жүрүүсүн (машина жээкте) жактама ат атоочту (биз сатып алууга) белгилеген атооч жөндөмөсүнүн зат атоочунда чыгат. Багытты, кыймылдын акыркы пунктун билдирген экинчи таяныч мүчөсү катары бышыктоочтун орду чыгат.

2. «Сөз ойлоо» мааниси менен сүйлөм. Сөз ойлоо мааниси менен эллипсис кубулуштун негизги түзүлүшү болуп «атооч субектиси сөз-ойлоонун табыш обьектиси» болуп эсептелет.

3. «Уруу», «согуу» мааниси менен сүйлөм. Ушул үлгү үчүн ылайыктуу семантикалык топтогу этиш менен сөз тизмегинин негизиндеги түзүлүш мүнөздүү. Бул типтин сөз айкашы эреже катары үч мүчөлүү. Алар тийиштүү сөздөрдү табыш жөндөмөнүн түз обьектисине камтыйт. Эллипсис кубулушу үлгү катары төмөнкүдөй түрдө түзүлөт. Аракеттин субъектиси жана тиешелүү сөздөрдү табыш жана атооч жөндөмөсүндөгү тиешесиз мүчө. Ошондуктан интонация бириктирүү элементи болуп кызмат кылат. Белгилеп кетүү керек, эллипсис кубулушунун ушул үлгүсү колдонгондо абдан актуалдуу, ачык жана мазмундуу, эмоционалдуу көргөзөт.

4. «Кармоо», «алуу» мааниси менен сүйлөм. Ушул үлгүнүн түзүлүшүнүн негизинде семантикалык тобунун «кармоо», «алуу» этиш менен сөз айкашы. Багыныңкы түгөйлөр болуп баарынан мурда жандоочу менен (колго алуу, жеңинен кармоо, тосмосунан кармоо,

таякты алуу ж.б.) тыбыш обьектисинин аракети эсептелет. Эллипсис кубулушунун үлгүсү жандоосу менен (объекттин аракет маанисинде) тыбыш жөндөмөсүндөгү таяныч мүчөсү менен аракеттин мүчөнүн катыштык жолунда жаралат. Сүйлөмдүн ушул тибинде жалпы мааниси «кармоо», «алуу», «тутуу» кармануу өтө тездик кошумча менен билдирет.

Эллипсис кубулуш берилүүчү ойдун ички мазмунуна, о.э. айтылышына ылайык колдонула берет жана ал төмөндөгүдөй өзгөчөлүктү камтыйт:

1. Берилүүчү ой чубалжыган тилдик каражаттардан арылып кыска, так айтылат да экспрессивдүү маани мүнөздүү болот;

2. Тилдик каражат, убакыт үнөмдөлөт;

3. Өзүнчө бир стилдик боёк түзүлөт .

Мында «аа, ал келип калыптырбы?» деген толук сүйлөмдүн ордундагы кол шилтөө (тилдик эмес каражат) «ий азамат», «көңүлүмдү көтөрөт», «аны менен сүйлөшүү мага абдан кызык» ж.б. маанилерди (ички кепти) туюндурса, «жактыруу», «жакшы көрүү», «кубануу», «жылмаюу» маанилерин да билдирип, пикир алмашуудагы обьектиге карата адресаттын ички кеби жана мамилеси тилдик эмес каражаттардын негизинде жеткиликтүү туюндурулган. Көрүнүп тургандай, оозеки кепке тилдик каражаттар менен берилген суроого тилдик эмес каражаттар менен жооп берүү, кээ бир сөздөрдүн калтырылып кетиши, кемтик сүйлөмдүн эллипсистик түрү ж.б. мүнөздүү. Оозеки кептеги тексттердин кыскалыгы, тактыгы, эмоционалдуулугу, экспрессивдүүлүгү, андагы тилдик каражаттардын, өзгөчө кемтик сүйлөмдөрдүн өтө жыш колдонулушунан байкалып турат. Мисалы,

- Дос, кайда?
- Казакстанга.
-Жөн-жай элеби?
- Жок. Конференцияга.

Жогорудагы мисал катары келтирилген кемтик сүйлөмдөр тексттин кыска, так, шар түзүлүшүн камсыз кылып турат. Оозеки, диалогдуу кепте текст алдын ала даярдалбагандыктан, ага андагы сүйлөмдөрдүн толук эместиги, кыскалыгы, үзүл-кесилдиги мүнөздүү.

**Адабияттардын тизмеси**

1. Иманов, Кыргыз тили 2009, 116-117б.
2. Жапаров Ш., Сейдакматов К. Кыргыз тилиндеги синонимдер сөздүгү.-Фрунзе: Илим, 1984. –468 б.
3. С.Ж. Мусаев, Структурно-функциональные типы и семантика причастных конструкций в киргизском языке: канд. дис. автореф. -М., 1983. - 21 б.
4. Кыргыз тили, 2004, 467-468

Электрондук ресурс:

5. Джумалиева, chrome-extension: //oemmndcbldboiebfnladdacbdfmadadm/http: //nbisu.moy.su/_ld/6/601_Djumalieva_ISU.pdf2000